*Атамкулова Е.Т.*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН АЛГАЧКЫ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЯСИЙ ИНСТИТУТТАРДЫН ПАЙДА БОЛУУСУ ЖАНА КАЛЫПТАНУУСУ

*Атамкулова Е.Т.*

# ВОЗНИКНОВЕНИЕ И ФОРМИРОВАНИЕ ПОЛИТИЧЕСКИХ ИНСТИТУТОВ КЫРГЫЗСТАНА В ПЕРВЫЕ ГОДЫ СУВЕРЕНИТЕТА

*E.T. Atamkulova*

# THE EMERGENCE AND FORMATION OF POLITICAL INSTITUTIONS OF KYRGYZSTAN IN THE EARLY YEARS OF SOVEREIGNTY

*УДК: 323.2(575.2)*

*Макалада Кыргызстанда саясий институттардын пайда болуусу, алардын калыптануусу укуктук бекилиши, келип чыгуу себептери менен бирдикте андан ары өнүгүү шарттарын аныктоого далалат жасалган. Жыйырманчы кылымдын аягындагы саясий өзгөрүүлөр Совет чөлкөмүнө кирген мамлекеттердин коомдук укуктук турмушунда да олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Айта кетүү орундуу Совет мезгилинде Кыргызстандын бирдиктүү саясий аренага кириши менен анын коомдук турмушундагы маанилүү суроолор борборлоштурулган башкаруу тутуму аркылуу иш жүзүнө ашырылгандыгын, бир гана партиянын монополисттик өкүм сүрүүсүн белгилөө зарыл. 1978-жылдагы СССРдин Конституциясынын 6-беренеси Коммунистик партияны саясий турмуштун жетекчи жана багыттоочу күч катары түздөн-түз тааныган. Ушул эле берене менен бардык партиялык уюмдар Конституциянын чегинде иш жүргүзүүгө милдеттендирилип, Коммунистик партия жетекчи ролдо экендиги эске алуусу зарыл болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция, декларация, саясий институт, партия, суверенитет, мамлекет, мыйзам.*

*В статье рассматриваются недостатки политических институтов Кыргызстана, их формирование, правовое закрепление, а также причины, создающие условия для дальнейшего развития. Политические изменения в конце XX века привели к длительным изменениям в социально-правовой жизни государств, входящих в состав Советского пространства. Следует отметить, что в советский период, когда Кыргызстан вышел на единую политическую арену, важные вопросы в общественной жизни решались через централизованную систему управления, при этом монопольно действовала только одна партия. Статья 6 Конституции СССР 1978 года прямо признавала Коммунистическую партию ведущей и направляющей силой политической жизни. В этой же статье следует учесть, что все партийные организации обязаны действовать в рамках Конституции, а Коммунистическая партия в руководящей роли.*

***Ключевые слова:*** *Конституция, декларация, политический институт, партия, суверенитет, государство, право.*

*The article describes the disadvantage of political institutions in Kyrgyzstan, their formation, legal consolidation, as well as the causes of the conditions for further development. Political changes at the end of the twentieth century led to long-standing changes in the social and legal life of the States included in the Soviet space. It should be noted that during the Soviet period, when Kyrgyzstan entered a single political arena, important issues in public life were carried out through a centralized system of governance, while only one party operates monopolistically. Article 6 of the USSR Constitution of 1978 explicitly recognized the Communist party as the leading and directing force of political life. The same article should take into account that all party organizations are obliged to act within the framework of the Constitution, and the Communist party-in a leading role.*

***Key words****: Constitution, Declaration, political institution, party, sovereignty, state, law.*

Бул норма саясий партиялардын өздөрүнүн өкүлдөрүн элдик кеңештин депутаттыгына шайлап, мамлекеттин саясатын иштеп чыгуу дааны башкарууга катышууга укук берген. 1990-жылы гана Компартиянын жетекчи ролу конституциялык нормадан алынып салынган.

Мындай көз караштары бир канча Ата-Мекендик окумуштуулар бекемдейт. Атап айтканда өлкөнүн өнүгүшү анын ичинде укуктук өнүгүүсү бир партиялуу тутумдун ичинде советтик курулуш мезгили менен эгемендүүлүк алганга чейинки мезгилдер аралыгына таандык экенин бекемдешет [2, 199-б.].

Кыргызстанда саясий институттардын конституциялык укуктун тармагында жөнгө салуу объектиси катары салыштырмалуу түрдө кечээ жакынкы убакытка чейин эле болгон эмес.

Бир канча узак мезгилге чейин өкүм сүргөн Советтик союздук мамлекет урап, бир канча өз алдынча суверендүү мамлекетттердин пайда болушу наалып келди. Бул процесстер Кыргызстанды да четтеп өткөн жок.

Кыргызстандын 1990-жылы эгемендүүлүк алышы [3] коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келди. Эгемендүүлүк жөнүндө Декларация Кыргызстан элинин эркин чагылдырып өз алдынча мамлекет катары түтүн булатууга жол ачты.

Укуктуу демократиялык коомду куруууга багытталган жаш мамлекетибиз, мамлекеттик түзүлүш формасын, башкаруу формасын, саясий режимин аныктоо менен өзүн демократияга карай жол алган мамлекет катары жарыялады.

Социалдык экономикалык жана саясий чөйрөдө олуттуу реформалар башталып, алардын түпкүрүн ченемдик укуктук камсыз кылуу түзөрү объективдүү зарылчылык катары келип чыкты.

Адам укуктары жана эркиндиктери категориялары приоритеттүү багыттары тандап алынып аны ар тараптуу жөнгө салуу, камсыз кылуу, ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу Конституциянын түздөн-түз иштешине, алардын ишке ашырылышына камсыз кылары юридикалык илимдин омоктуу көйгөйлөрүн жаратып, илимий коомчулуктун көңүлүн буруууга мажбурлады.

Кыргызстанда саясий инстиутттардын активдешүүсү 80-жылдардын орто ченине туура келет. Иш жүзүндө саясий инстиуттуардын пайда болуу негизи болуп ар кандай кружоктор, кыймылдар жана коомдордун пайда болушу менен коштолгон.

Саясий институттардын укуктук абалы XX кылымдын орто чениенен баштап укуктук нормалар менен жөнгө салына баштады. Биздин оюубузча бул нерсеге үч себеп бар, аларга: мамлекеттин ишмердүүлүк чөйрөсүнүн кеңейиши, саясий партиялардын ролунун коомдо жогорулашы, мамлекеттеги инсандын ролунун анын укук жана эркиндик баалуулуктарынын жогорулашы менен түшүндүрүлөт.

Саясий институттардын анын ичинде саясий партиялардын калыптанышынын маанилүү этабы болуп Кыргызстан эгемендүүлүк кабыл алгандан кийин 1991-жылы 1- февралда N359-XII «Коомдук уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын айтсак болот [4, 111-б.].

Бул мыйзам биринчи жолу саясий институттарды коомдук уюмдар катары санап, аларга эркин уюшулуп мыйзам алдында тең укуктуу экендигин бекиткен.

Саясий институттардын калыптануусунун кезектеги этабы болуп 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынгандыгы болуп, ал саясий көп түрдүүлүк, көп партиялуулук принциптерин жар салып, алардын тең укуктуулугун жана коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүнүн эркиндигин караган [5].

1999-жылы 12-июнда N50 «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзам кабыл алынгандан кийин, «Коомдук уюмдар жөнүндөгү» мыйзамдын саясий партиялардын статусунун ишмердүүлүгүн жөнгө салынуучу беренелери өз күчүн жоготту [6].

Иш жүзүндө Кыргызстандагы саясий институттар тартиби жок экономикалык жана саясий элиталардын тар чөйрөсүн аныктаган өнүгүү деңгээлинде экендигин айта кетүү орундуу.

Саясий институттутардын азыркы мезгилдеги алсыздыгынын экинчи фактору катары коомдогу так аныкталган социалдык топтордун кызыкчылыктардын чагылдырылышынын жоктугу. Коомдун мамлекеттеги өкүлү болуш үчүн саясий институттар кандай кызыкчылыктар көргөзүлүшүн билиш керек. Коомдогу мындай кызыкчылыктардын калыптанышы инстинктүү сезимдер баскычында экендигин айтуу зарыл. Кызыкчылыктар жетиштүү деңгээлде аныкталбагандыктан, алардын иш жүзүнө ашырууга мыкты курал катары партияларды колдонууга мүмкүнчүлүк бербей жатат.

Кыргызстанда саясий партиялар социалдык кубулуш катары XIX-XX кылымдын аралыгында пайда болушкан.

Жалпылап алганда Кыргызстанда саясий институттардын пайда болуусу калыптануусу бир канча саясий процесстер менен байланышкандыгын ачыктасак болот;

- жыйырманчы кылымдын аягындагы саясий процесстер;
- өз алдынча эгемендүү мамлекеттердин пайда болушу;
- коомду демократиялаштыруу процесстери менен саясий активдүүлүктүн пайда болушу;
- ар кандай коомдук кыймылдардын пайда болуусу атап кетсек болот.

Мындан тышкары саясий системасынын калыптанышына жана өнүгүшүнө үч шарт болуусу зарыл буларга:

- татаал социумдун болушу;
- өнүккөн жарандык коомдун болушу;
- саясий плюрализмдин болушу;
- коомдо так аныкталган кызыкчылыктардын орун алышы чечкиндүү роль ойногондугун айтуу зарыл.

Коомдогу так аныкталган жана ар түрдүү кызыкчылыктардын өлкөдө жоктугу дени сак саясий системанын болушуна мүмкүндүк бербейт.

**Адабияттар:**


1. Конституция Киргизской ССР от 1978 года. Ведомости Верховного Совета Киргизской ССР, 1978 г. - N 8, ст.50.
2. Искакова М.К. Механизм советского общенародного государства диссертация кандидата юридических наук. - Саратов,1984. - С.199 с.
3. Декларация о государственном суверенитете Республики Кыргызстан от 15 декабря 1990 года. № 273-ХП изд.: Академия, 2010 г.
4. Закон Республики Кыргызстан от 1 февраля 1991 года N359-XII «Об общественных объединениях» // Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан 1991 год N3 - С.111.
5. Конституция Кыргызской Республики от 5 мая 1993 г. №1186-XII. Введен законом Кыргызской Республики 1993 год №7, ст.177) ("Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики.
6. Закон Кыргызской Республики от 12 июня 1999 г. N50 «О политических партиях» // Нормативные акты Кыргызской Республики, октябрь 2007 года, N 424.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**